**Улуу адамдар жөнүндө айтылганда анын атак-даңкынын, талантынын, даражасынын, тагдырынын мөөрүндөй болуп өмүрлүк жары да кошо оозго алынып, эстеле жүргөнү бул жашоо—жазмыштакем эмеспи. Ал эми «Кылым да бир гана жолу жаралуучу» (А. Акаев) залкар талант Рыспай Абдыкадыровдун аялы Дөөлөттүн ысмы обончу-ырчынын музасынын түгөйү сымал айтылып келет. Улуу шык даарыган адамдын кир жукпаган таза жүрөгүнө, баланыкындай назик балапан сезимине, гөр-тирилике баш ийбеген албуут кыялдарына, күнүмдүк турмуштун эч бир шарттуулугуна жүгөндөлбөгөн ички кудуретине тең келип татып, аларды аздектеп, 30 жыл бою сүйүктүү жарынын, энелик камкордугунун оор жана түйшүктүү жүгүн, да, жыргалын да, азабын да көтөрүп жашап келүү үчүн аялдын сырттаны болуу керек. Бул макалада ушул жөнүндө, Рыспай менен Дөөлөттүн чейрек кылымдык үй-бүлөлүк өмүрлөрүнүн кызыгына кандырбай, же тажатып дат бастырбай шириндик тартуулап турчу арзуулары жөнүндө баян этким келет,**

Рыспай өтө сезимтал, махабатка көңүл кош карабаган, сүйүүгө кумар жан болсо да эч кимге «сүйөм» деп айтпаган экен. «Сүйөм» деген сөз сүйүүнүн кадырын гана кетирет, бул ыйык сезимди жүрөк менен гана сезе билиш керек дечү. 17 жаштагы кара каш, кара көз мөлтүрөгөн сулуу Дөөлөткө көңүл кушу түшүп, оп тартылган сезимин да ал сөз менен билдиребептир. Бирок, арзуунун өзүнүн тили болот эмеспи. 1969-жылы Ош педагогикалык институттун музыкалык факультетинин биринчи курсунда окуп жаткан кыз өзүнөн бир топ жаш улуу, ошол эле факультеттин 5-курсунун студенти, «Түгөйүм», «Алтынчы күнү кечинде», «Сагынуу» деген ырлардын автору катары элдин көңүлүн бура баштаган шыңгыттай узун бойлуу бала кыял жигитти теңириндей эле сыйынып тиктөөчү. Рыспайдын буга чейин эки жолу үйлөнүп, үч баланын атасы болууга үлгүргөндүгү да жаш жүрөктүн айыпсыз берилгендигине арачы боло алган жок. Неси болсо да кыздын жаштыгын аядыбы, Рыспай ага «Сен окууну бүткөндө үйлөнөлү» деген ниетин билдирди. Сүйгөн адамы ме-

## Конкурска

# РЫСПАЙДЫН МАХАБАТЫ





жеринен ооп келген казак кишиси эле. Аны райондун элинин баа-

күлүндө эч нерсе жок Дөөлөт

көзүнүн карегиндей аяй башта-

бадыбы. Үйлөнүшкөнгө чейин Рыспайдын мүнөзү жөнүндө эч нерсе билген эмес экен. Ырдаганын көрүп жүрчү. Муңайып, көздөрүн сүзүлтүп жер тиктеп ырдаса эле бирөөгө тике карап сөз айтпаган, жибектей созулган сыпайы жигит экен деп жүргөн. Заматта буркан-шаркан түшө жаалданып, анан өткүндөй шатырап жаап жиберип, кайра бат эле чаңкайып ачылып кетчү жазгы асмандай албуут да, жашык да жан дүйнөсүнө, жашоонун азабынан рахат таба билчү өзгөчөлүгүнө көнгүчө бир топ жылдар өттү. Рыспайдын ачуусу жарым сааттык эле. Ушул жарым саат чыдап берсе эле кайра өзү чуркап келип «мең ден кетти» деп кечирим сурап күнөөлүү боло муңайып башын ийип туруп берчү. Алгачкы жыл-

луп көкүрөктө каларын анда оюна да алган эмес. Рыспай экөө кийин теңтуштарынын да лай жолу үйлөнүү үлпөттөрүн көркүнө чыгарган жубайлардан болушту. Бирок, ошондой тойдон кайтышканда; «Биздин ушундай тоюбуз болбоду ээ?» деген сызылган бир кейиш жүрөгүн тызылдатып ийчү. А түгүл нике кагазын да баш кошкондоруна 9 жылдан кийин алышты. Ошондо да никеге катталуу үчүн экөө эле ээрчишип жөө жетип барышыптыр. Күбөлүктү алышып чыгып келатышканда Рыспай жайдандап: «Жүр кемпир, нике кагазыбызды «Ак-Буура» ресторанына барып жууйлу?»—деп калды. Көаянычтуу, кээде кара өзгөй көйгөйлөрүн өтө сезимтал жүрөгү көтөрө албай кыйналып, тазалыкты, кеңдикти самап думуккан жан дүйнөсүн теңир өзү аягандыр. Жүрөгүндөгү ой-сезиминдеги бул карама-каршылыкты тануунуу, умтулууну башкаларга окшоп ичине күч төп чөгөрүп, жашыра албаган мүнөзү менен бул жашоодо артыкбаштай урунуп-беринип жүрүп өзүн эртелеп түгөтүп алды.

Ошол оомал-төкмөлүү тирүүлүктүн өгөй баласындай жанын азапка салган сезимталдыгынын, талантынын кудуретин Дөөлөт 5—6 жыл бирге өмүр сүргөндөн кийин түшүнүп, ага жол берип, берет Рыспай кыйналбасын деп баласын аягандай аёолоп турган

—

га Дөөлөт эчак көнүп бүткөн эле. Кээде Рыспай ага аялындай эмес энесиндей эркелеп, оюндагысын жашырбай айта берчү. Өзүн сүйүп калган кыз-келиндерден көңүлүнө жакканы болсо «ушуну мага алып берчи?» деп калса, уккан адам таң калышы мүмкүн. Дөөлөткө бул көнүмүш. Анткени, чыгармачыл адамдын дүрт эткен эмоциясы текке кетпей, жаңы чыгарманын толгоосун жаратарын ал түшүнчү. Бар болгону «Рыспайды сүйгөндөр анын бир күндүк түшүгүнө түтө алышса анан «сүйөм.» дешсин,—деп койчу.

Рыспайдын көзү өткөндөн кийин Дөөлөт Ысмановanын экинчи өмүрү башталды. Ал Рыспайсыз жашаган өмүр эле. Адегенде жоготуунун кайгысына алдырып, бул жашоонун кызыгынан аша кечип жүрдү. Эки жылга чейин күйөөсүнүн ырларын уга албай, анын ыры ырдалган жерден качып кетер эле. Үйдө болсо эч болбосо ашканада Рыспайдын жоктугу билинип, жанына батат. Күйөөсүнүн көзү тирүүсүндө ар бир жолу оокат бышырарда андан «Эмне жегиң келет?» деп сурай берер эле. «Өзүң бил» деп койсо катуу тийчү. Ой-боюна койбой каалаган тамагын айттырып, ошого бүт дитин коюп бышырып берчү. Эми ашканага киргенин койду. Күйөөсүнүн арбагына атап, ыс чыгарып, куран окутарда гана өзү казан кармайт.

Рыспайдан айрылгандан кийин да ал үчүн колунан келгенин жасап келатат. Чын дүйнөгө кеткен жары ошол жакта да жаны кыйналбасын деп түйшөлөт. Арбагын сыйлады, кирдүү сөз илештирген жок. Кашыктай жыйнап жүрүп эстелигин тургузду. Жайынын башына тез-тез барып турбасам күйөөм мурдагыдан эле таарынып калчудай болот деп айтканын укканым

